Маалымат технологиясы, китепкана жана электрондук башкаруу бөлүмүнүн 2020-2021-окуу жылында аткарган иштери жана алдыдагы милдеттери боюнча МААЛЫМАТЫ

Маалымат технологиясы, китепкана жана электрондук башкаруу бөлүмү ОшМПУнун Окумуштуулар кеңешинин 2016-жылы 14-сентябрындагы № 1 чечиминин негизинде түзүлүгөн. Маалымат технологиясы, китепкана жана электрондук башкаруу бөлүмү (мындан ары МТКЭББ же бөлүм) ОшМПУнун структуралык бөлүмү болуп эсептелет. МТКЭББ окуу жайдын маалыматтык технология каражаттарынын иштешин, AVN маалыматтык системасын, электрондук китепкананы көзөмөлдөө жана китепкананы башкарууну ишке ашырат. Бөлүм өзүнүн ишмердүүлүгүндө КР Президентинин Указдарын, КР Өкмөтүнүн токтомдорун, КР Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн, ОшМПУнун Уставын, ушул көрсөтмө менен башка ОшМПУнун нормативдүү актыларын, ОшМПУнун ректорунун буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн, ОшМПУнун Окумуштуулар кеңешинин сунуштарын, ОшМПУнун окуу-усулдук кеңешинин, окуу жайдын окуу жана илимий бөлүмдөрүнүн чечимдерин, сунуштарын толук жетекчиликке алат.

Бөлүмдүн максаты - окуу жайдын маалыматтык технология каражаттарынын иштешин программалык жана техникалык жактан көзөмөлдөө, AVN маалыматтык системасын, китепкананы жана электрондук китепкананы башкаруу эсептелет.

2020-2021-окуу жылында бөлүмдө төмөндөгүдөй кызматкерлер эмгектенишкен:

1. Арынбаев Э. - Бөлүм башчысы
2. Ысаков Т. – Электрондук китепкананын инженер-программисти
3. Шарапов З. - инженер-программист
4. Алиев Б. - инженер-программист
5. Агбаев Б. - инженер-программист
6. Хамидов А. - инженер-программист
7. Орозбаева А. – китепкананын инженер-программисти
8. Каралаева К.- китепканачы
9. Матмусаева Ш. -китепканачы
10. Халилова С. -китепканачы
11. Ырысбекова Ж. -китепканачы
12. Токобаева Н.-китепканачы
13. Төлөгөнова Г.- китепкананын оператору
14. Кадырбекова Г.–китепканачы

Маалымат технологиясы, китепкана жана электрондук башкаруу бөлүмү 2020-2021-окуу жылында төмөндөгү 8 багыт боюнча иш алып барды:

1. **Компьютердик каражаттарды тейлөө**
2. **ОшМПУнун компьютердик тармагын тейлөө**
3. **Интернетти көзөмөлдөө**
4. **ОшМПУнун сайтынын иштешин көзөмөлдөө**
5. **AVN маалыматтык системасынын иштешин көзөмөлдөө**
6. **Китепкананын иши**
7. **Электрондук китепкана**
8. **Видео көзөмөлдөрдүн иштешин көзөмөлдөө**

1. Компьютердик каражаттарды тейлөө

Окуу жайда окуу корпустары боюнча компьютердик каражаттардын жайгашуусу

№		орду	Компьютер	3-1	принтер	проектор	Инт. Доска
1		КРФ	14	7	1	9	7
2		Ректорат	23	15	4		
3		Денетарбия	17	4	1	2	
4		Пед Фак	39	7	1	4	3
5		Башкы окуу корпус	262	48	11	24	18
6		Райондор	10				
7		Ноутбук,нетбук	26				
	ЖОЖ		391	81	18	39	28
1		Колледж	91	5		14	14
		Баары	482	86	18	53	42

ОшМПУ боюнча 482 компьютер, 104 принтер (анын ичинде 3-1 86), 53 проектор, 37 интерактивдүү доска, 5 интерактивдүү түзүлүш бар.

Жыл сайын сентябрь, октябрь айларында ОшМПУнун маалымат технологиясы багытында иштеген каражаттарын инвентаризациялоо ишке ашырылат. Мында каражаттын орду, сакталыш абалы жана жооптуу кызматкерлер аныкталды.

- Факультеттердеги, структуралык бөлүмдөрдөгү компьютерлер техникалык жана программалык жактан жаңы окуу жылына даярдалды.
- Компьютердик кааналардагы компьютерлердин коопсуздугу үчүн электр тармагына туташтыруу кайрадан монтаждалды (электрондук китепкана, 225, 306, 313, 315, 111а, 111б, колледждин компьютердик залдары, жатаканандын компьютердик залы, ж.б. компьютерлер)
- Компьютердик кааналардагы компьютерлер техникалык жана программалык жактан сабакка даярдалды

- Интерактивдүү доскалардын иштеши мезгил-мезгили менен текшерилип турулду. Аудиториялардагы интерактивдүү доска, интерактивдүү түзүлүш, проектор ж.б. каражаттардын иштешин камсыздап турдук. Бүгүнкү күнгө окуу жай боюнча 5 интерактивдүү доска иштебей турат. Аларды иштетүүнүн үстүндө аракеттер көрүлүп жатат.
- Бузулган техникалык каражаттар өз убагында калыбына келтирилип жатат. Бардык компьютерлердин антивирустук программаларын жана алардын базаларын орнотуп турабыз.
- Окутуучулар үй шартында иштеген мезгилде да ОшМПУдагы серверлердин иштешин, тармактын туруктуулугун көзөмөлөө бөлүм тарабынан аткарылып турду.

2021-жылы окуу жайдын компьютердик техникаларын жаңылоо бир топ алдыга жылды. Окуу залына мыкты сапаттагы 20 мини компьютер орнотулду, 111б компьютердик залындагы 36 компьютерлер толук жаңы компьютерлерге алмаштырылды, колледжге 15 компьютер берилип, жаңы компьютердик залл түзүлдү, 111 а компьютердик залындагы 14 компьютерлер толук жаңы компьютерлерге алмаштырылат(тендер өтүп, уткан компания алып келүү алдында турат), факультеттердеги жана бөлүмдөрдөгү айрым компьютерлер жаңыланды, кошумча компьютерлер берилди, печаттоочу каражаттар менен жабдылды.

Быйылкы жылы 2 чоң сервер алынат (тендер өтүп, уткан компания алып келүү алдында турат , жаңы жылга чейин келет).

Типография үчүн каражаттар алынат(тендер өтүп, уткан компания алып келүү алдында турат). Алар: Ризограф, түстүү лазердик көп кызматтуу басып чыгаруучу түзүлүш, резак, переплетчик, буклетмейкер, принтер(3-1), компьютер.

2. ОшМПУнун компьютердик тармагын тейлөө

Окуу жайда болгон бардык компьютерлер бирдиктүү компьютердик тармакка туташтырылган.

- ОшМПУнун ичинде компьютердик тармагы жыл бою үзгүлтүксүз бирдиктүү системада иштеши камсыздалды. Компьютерлерди туташтырган кабелдер ар бир 3-4 жылда жаңыланып, кайрадан тартылып турат. Анткени, ар кандай сырткы таасирлерден улам туташтыргычтар бошоп, айрым кабелдер үзгүлтүккө учурап турат.
- ОшМПУнун бөлүмдөрүнө жаңы берилген компьютерлерди ОшМПУнун компьютердик тармагына туташтыруу өз мезгилинде ишке ашырылат.
- ОшМПУнун окуу корпустарынын ортосундагы компьютердик тармактын иштөөсү көзөмөлдөнөт. Бардык окуу корпустарынын ортосунда оптикалык кабел тартылган.

Башкы окуу корпусу менен колледждин тушуна чейинки линия “Элкат” провайдерине тиешелүү, интернетти ошолордон алганыбыз үчүн акысыз пайдаланууга берилген.

3. Интернетти көзөмөлдөө

ОшМПУ интернетти “ЭлКат” эл аралык байланыш оператору аркылуу алынат. Интернеттин ылдамдыгы КРнын ички байланышы үчүн 100 Мбит/с, жалпы дүйнөлүк интернет байланышы үчүн 50 Мбит/с. Альтернативдик линия катары Кыргызтелекомдон интернет алынат жана окуу жай үчүн статикалык IP дарек бекитилген. Ылдамдыгы КРнын ички байланышы үчүн 40 Мбит/с, жалпы дүйнөлүк интернет байланышы үчүн 8 Мбит/с. Окуу жайга чейин байланыш оптикалык кабел аркылуу берилгендиктен байланыштын сапаты туруктуу.

- Көпчүлүк учурда электр энергиясы өчүп жанганда кээ бир түзүлүштөрдүн иштөөсү бузулат. Ошондуктан ар бир түзүлүштү алмаштыруучу каражаттарды даярдап турабыз. Узак убакытка бузулууну алдын алуу үчүн альтернативалык прокси серверлерди даярдап турабыз.
- Сервердик компьютерлердин иштеши көзөмөлдөнөт.

4. ОшМПУнун сайты

- ОшМПУнун сайтындагы маалыматтарды жана сайттын коопсуздугун, үзгүлтүксүз иштөөсүн тынымсыз көзөмөлдөп турабыз.
- ОшМПУнун сайтын жаңы структуралык өзгөрүүлөргө жараша өзгөртүп түзүү иш аракеттерин аткардык.
- Пресс катчы менен биргеликте ОшМПУнун сайтына окуу жайда өткөрүлгөн иш чараларды, жаңылыктарды үзгүлтүксүз жайгаштырып турдук.
- Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин профессордук-окутуучулар курамы http://oshmpu.kg/ сайтынын ***AVN билим порталы*** аркылуу жеке кабинетине лекциялык материалдарды, практикалык жана лабораториялык иштердин тапшырмаларын жүктөп, студенттерге маалыматтарды жеткирүүдө. Студенттер да http://oshmpu.kg/ сайтынын ***AVN билим порталы*** аркылуу логин жана паролдорунун жардамында жеке кабинеттеринен окутуучулар жөнөткөн материалдарды алып пайдаланышат. Факультеттердин деканаттары, колледж тарабынан ОшМПУнун сайтына ***Сабактардын жадыбалы*** жүктөлгөн.

5. AVN маалыматтык системасын көзөмөлдөө

- AVN сервердин жана AVN маалыматтык системасынын (МС) иштешин текшерүү.
- AVN МСнын программаларынын иштешин тестирлөө.
- AVN МСнын “Бирдиктүү терезе” кызматын ишке киргизүү (окуу бөлүмү менен биргеликте ишке киргизилди).
- 2020-2021-окуу жылына биринчи курска кабыл алынган студенттерди, жаңы стандарт боюнча түзүлгөн окуу планын, окуу жүктөмдөрүнүн, 2020-2021-окуу жылына студенттердин кыймылын (көчүрүү, тикелөө, студенттердин катарынан чыгаруу), мугалимдердин окуу-усулдук материалдарын, модулдук суроолорду AVN МС на киргизүүнү көзөмөлдөө.
- Модулдун AVN МС аркылуу алынышын көзөмөлдөө.
- Тестирлөө учурунда студенттердин жана окутуучулардын маалыматтары боюнча келип чыккан ар кандай маселелер өз учурунда чечилип жатты.
- AVN маалыматтар системасынын базасынын көчүрмөсүн дисктерге көчүрүү жыл бою ишке ашырылып турат. Модул болуп жаткан учурда күн сайын, башка учурларда жумасына бир жолу базанын көчүрмөсү CD же DVD дисктерге жазылып, архив катары сакталат.

6. Китепкананын иши

Окуу жай боюнча 1 абономент, 2 окуу залы жана колледждин китепканасы иштеп жатат.

Окуу жайдагы жалпы китептер:

№	Китепкана бөлүмдөрү	Саны	Баасы(сом)
1	Абономент	51581	2342742
2	Окуу залы	9930	1702264
3	Колледж	16390	3001729
4	Жатакана	30318	850152
	Жалпы	108219	7896887

Булардын ичинен жалпы баасы 869483 сомдук 2181 даана китеп 2021-жылы сатып алынды. Алардан музыка боюнча 11700 сомдук 38 даана китеп, информатика боюнча 92708 сомдук 42 даана китеп, колледждин англис тили адистиги боюнча 402500 сомдук 500 даана китеп Росиия федерациясынан сатып алынган.

Китепкана кызматкерлери негизинен төмөндөгү иштерди аткарат:

- Окуу залдарындагы, абонементтердеги китептердин китеп фондун тактоо
- Китеп фондунун сакталышына шарт түзүү
- Айрылган китептерди жамоо(оңдоо)
- Студенттерге китеп берүү жана кайтарып алууну көзөмөлдөө
- Жыртылган, моралдык жактан эскирген китептерди жокко чыгаруу
- Акыркы 10 жыл аралыгындагы чыгарылган китептерди тактоо
- Жалпы адистиктерде окутулуучу предметтер боюнча китептерди жана алардын санын аныктоо.

Кыргызстандагы жана чет элдик педагогикалык, усулдук, илимий ж.б. мезгилдүү басылмаларга жазылуу. Окуу жай мезгилдүү басылмаларга жазылып, ар бир саны өз убагында алынууда. 2017-жылдын I жарым жылдыгында 32507 сомдук, II жарым жылдыгында 32114, 2018-жылдын I жарым жылдыгында 32540 сомдук, II жарым жылдыгында 44598 сомдук, 2019-жылдын I жарым жылдыгында 48407 сомдук, II жарым жылдыгында 33755 сомдук, 2020-жылдын I жарым жылдыгында 64369 сомдук, II жарым жылдыгында 62994 сомдук мезгилдүү басылмаларга жазылып, алынды. 2021-жылдын I жарым жылдыгында Кыргызстандын басылмаларына 22285 сомдук, чет элдик 64320 сомдук, II жарым жылдыгында Кыргызстандын басылмаларына 29300 сомдук, чет элдик 62230 сомдук мезгилдүү басылмаларга жазылдык. 2022-жылга карата мезгилдүү басылмаларга жазылуу жүрүп жатат.

2021-жылдын II жарым жылдыгында алынып жаткан мезгилдүү басылмалар

№	Аталышы	Саны
1	Кут билим	5
2	Кут билим сабак	5
3	Кыргыз тили	4
4	Тил жана маданият	3
5	Баластан	3
6	Эркин тоо	3
7	Аял зат	3
8	Учебно методический журнал по химии	2
9	Мугалим	3
10	НАКР	1
11	Эл агартуу	4
12	Ош жаңырыгы	5
13	Эхо Оша	3
14	Ош шамы	2
15	Үй бүлөлүк дарыгер	3
16	Музыка в школе	1
17	Преподователь в XXI в	1
18	Учеб мет.журнал для восп.в д/саду	2
19	Учебно методический журнал по музыки	2
20	Учебно методический журнал по истории	2

21	Росс.газета неделья	1
22	Учебно методический журнал по математике	2
23	Учебно методический журнал по информатике	2
24	Учебно методический журнал по биологии	2
24	Комсомольская правда	2
25	Слово Кыргызстан	2
26	Ала Тоо	2
27	Русский речь	1
28	Педедагогическая образования	2
29	Педагогика	2

- “ИРБИС” системасына китептер киргизилүүдө. Бүгүнкү күнгө жалпы “ИРБИС” системасына 17309 китеп киргизилди. Окуу залындагы 7811, абонементтеги 6853, колледждин китепканасындагы 4572, жатаканандын окуу залындагы 3568 китеп киргизилген. Мында окуу залындагы китептер 2012-жылдан бери алынып келингендер, ал эми абонементтеги, колледждин китепканасындагы жана жатаканандын окуу залындагы китептер 2013-жылдан бери алынып келингендер.
- **Китепкана кызматкерлери тарабынан аткарылган иш-чаралар:**
  1. Студенттерди китепкананын бөлүмдөрү менен тааныштыруу
  2. Мезгил-мезгили менен китеп көргөзмөсүн уюштуруу
  3. Белгилүү даталуу күндөргө карата иш-чара уюштуруу

7. Электрондук китепкана

Электрондук китепкана 2008-жылы түзүлүп, алгач 19 компьютер менен пайдаланууга берилген. 2016-жылдын 15-сентябрында Окумуштуулар кенешинин чечимине ылайык маалымат технологиясы, китепкана жана электрондук башкаруу бөлүмүнүн карамагында иштейт.

Электрондук китепканада жалпы 61 компьютер иштейт. Андан тышкары электрондук китептер үчүн 1 сервер бөлүнгөн. Аны инженер-программист Токтогул Ысаков көзөмөлдөйт. Электрондук китепканада жалпы 10935 электрондук китеп, анын ичинен 1597 си кыргыз тилинде, 1500 дөн ашуун видео сабактар бар, анын ичинен, 500 дөн ашууну кыргыз тилинде. Мындан сырткары курстук иштер, дипломдук иштер, контролдук иштер, рефераттар ж.б. топтомдору бар. Бүгүнкү күнгө электрондук китепкана толук капиталдык ремонттон өткөн.

Электрондук китепкана саат 8:00дон 17:00го чейин иштеп, студенттерге акысыз интернет менен байланышты жана электрондук китептерден пайдалануу мүмкүнчүлүгүн түзүп келет. Ошондой эле АВН программасынын негизинде студенттерден МРСтерди алуу кызматын аткарат. Электрондук китепканада жаш мугалимдерге жана лобаранттарга

Ай сайын компьютердик сабаттуулук жана АВН программасы боюнча семинарлар уюштурулуп келет.

ОшМПУнун локалдык тармагында http://192.168.139.4:8080/ дареги менен электрондук китепкананын сайты иштейт. Ал эми интернет аркылуу http://oshmpu.kg/ сайтындагы ОшМПУнун электрондук китепканасы ссылкасы менен кирип пайдалана алабыз.

Төмөндөгү сайттарындагы электрондук китептерди эркин пайдаланууга болот жана алардыгы жаңы электрондук китептер менен электрондук китепкананын базасы толукталып турат:

http://www.biblioclub.ru

http://lib.rudn.ru

https://lib.kg
http://www.okuma.kg
http://bizdin.kg
http://neb.kg
http://www.literatura.kg
https://bilim.akipress.org/lib
https://elkitep.su
https://ibooks.oshsu.kg
http://library.manas.edu.kg
http://www.lib.ru
http://aldebaran.ru
http://www.readingtolstoy.ru
http://prlib.ru/Lib/pages/collections.aspx
http://www.fedordostoevsky.ru
http://tarranova.lib.ru/about.htm
http://www.libereya.com
http://artefact.lib.ru/library
http://www.litmir.info
https://www.litres.ru
http://www.bookland.com/rus
http://biblioclub.ru
http://www.rusf.ru
https://www.gutenberg.org
http://thankyou.ru/lib
http://hyperlib.libfl.ru/rubr.php
http://www.detisite.ru/gorodok/book
http://iea-ras.ru
http://magazines.russ.ru/about
http://biblio.imli.ru

Мындан сырткары Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан окуучулардын кошумча билим алуусу үчүн түзүлгөн жана сунуш кылынган билим берүүчү сайттар:

http://oku.edu.gov.kg
http://kitep.edu.gov.kg
http://Ibilim.kg
http://bb.edu.gov.kg
http://lib.kg
http://intobr.kg
http://mozaweb.com
http://yaklass.ru
http://testing.kg

Электрондук китептер адистиктер боюнча бөлүштүрүлүп компьютерлерде жана DVDдисктерде сакталып турат.

Электрондук китепканада төмөндөгүдөй иштер аткарылат:

- Электрондук китепкананын компьютерлерин жумушка даярдоо, керектүү программалар менен жабдуу
- Электрондук китепканадагы компьютерлерди компьютердик тармакка туташтырылуусун көзөмөлдөө
- Электрондук китептердин базасын текшерүү
- Электрондук китептердин базасын системалаштыруу
- Электрондук китептердин базасын толуктоо
- ОшМПУнун окутуучулары тарабынан даярдалган окуу-усулдук материалдардын базасын түзүү
- Кыргызча электрондук китептердин базасын түзүү

8. Видео көзөмөлдү иштетүү

Бүгүнкү күндө башкы окуу корпусунда 32, жатаканада 32, административдик (жаңы корпус менен кошо)корпуста 32, колледжде 44 байкоочу камера бар.

- Видео көзөмөлдүн үзгүлтүксүз иштөөсү камсыздалды. Камералардын иштебей калуусу боюнча билдирүүлөр түшкөндө өз мезгилинде оңдолуп турулду.
- Мамлекеттик сынактарды тапшыруу мезгилинде сынак өткөрүлгөн кааналардын видео жазууларын сактоочу түзүлүштөргө жазып берип турулат

Бөлүмдүн ишин жандандыру максатында алдыда аткарылучу иштер:

1. Окуу жай боюнча лицензиялуу антивирустук программаларды орнотконго жетишүү

2. ОшМПУнун сайты үчүн окуу жайдын өзүндө сервер түзүү
3. Окуу жайдын окуу корпустарына кошумча байкоочу камераларды орнотуу
4. Кафедралар менен биргеликте электрондук китептерди топтоо
5. AVN маалыматтык системасын пайдалануу ыңгайына жараша өзгөртүү (студенттерге логин, пароль берүү тартиби, окутуучулардын рейтингин чыгаруу, студенттердин ой-пикирин сурамжылоо системасын киргизүү ж.б.)

Сунуштар:

1. AVN маалыматтык системасына жана электрондук китепканага окутуучулардын ОУК милдеттүү түрдө киргизүү
2. ОшМПУнун сайтына бардык факультеттер жана бөлүмдөр боюнча жаңы маалыматтарды киргизүүнү график боюнча системалуу жүргүзүү (кыргыз, орус тилдеринде)
3. ОшМПУнун окутуучулары тарабынан чыгарылган окуу-усулдук колдонмолорун, окуу китептерин ж.б. электрондук китеп кылып түзүү жана электрондук китептердин базасына киргизүү
4. Интерактивдүү доскаларды иштетүүнү күчөтүү

Токтомдун долбоору

Маалымат технологиясы, китепкана жана электрондук башкаруу бөлүмүнүн 2020-2021-окуу жылында аткарган иштери жана алдыдагы милдеттери боюнча отчетун угуп, талкуулап ОшМПУнун Окумуштуулар кеңеши

Токтом кылат:

1. Маалымат технологиясы, китепкана жана электрондук башкаруу бөлүмүнүн 2020-2021-окуу жылында аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын.
2. Маалыматта көрсөтүлгөн сунуштарды турмушка ашыруу боюнча иштер күчөтүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бөлүмдүн башчысы Э. Арынбаевге жүктөлсүн.